# Ь тамгасы





Автор: Батмахан Абдухамидова

Сүрөтчү: Аликбек Темиралиев

# Ь тамгасы

Автор: Батмахан Абдухамидова
Сүрөтчү: Аликбек Темиралиев

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Ь тамгасы", "Ь белгинин ыры", "Апельсин" (кыргыз тилинде), автор Батмахан Абдухамидова, сүрөтчү Аликбек Темиралиев

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

# Ь белгинин ыры






Ак кар, көк муз жолдордо,
Шамал, жамгыр, бороондо.
Бийиктикти багынтат,
Альпинист аска-зоолордо.



Компьютерге үңүлүп,
Көптү билип аламын.
Ай-ааламды кыдырып,
Көп нерсени табамын.




Сары түстө, кычкыл даам
Апельсинди билемин.
Витаминдер, кальций бар,
Көңүлүмө илемин.





Кана, анда ойлонуп,
Мага кимдер издешет,
Дагы кайсы сөздөрдө,
Ушул белги (Ь) кездешет?




Лагерь, асфальт, дагы да
Карап көрчү батыраак.
Он эки айдын аталышын
Байкайлычы баарылап.

# Апельсин







Апельсин – кеңири таралган цитрус жемиши.



Анын бийиктиги жети-он эки метрге жетет.
Жалбырагы сүйрү, гүлү ак болот.




Мөмөсү сары түстө, даамы таттуу же кычкыл болот. Апельсин жетимиш беш жылга чейин мөмө байлайт.



Бул жемиш алгач Кытайда өскөн. Учурда Индия, Кытай, Бразилия, Америкада өстүрүлөт.



Суук климаттык өлкөлөрдө апельсинди күнөсканада өстүрүшөт. Анткени ал ачык жерде тоңуп калат.




Апельсин өтө пайдалуу жемиш. Анын курамы С, А, Е, В витаминдерине бай.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Автор: Батмахан Абдухамидова
Сүрөтчү: Аликбек Темиралиев

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли